Токтогул Имаш уулу

# АК КАЛПАК КИЙСЕК ЖАРАШАТ





Токтогул Имаш уулу

# АК КАЛПАК КИЙСЕК ЖАРАШАТ

Бишкек-2007

УДК 78
ББК 85.313 (2Ки)
И 50

Имаш уулу Токтогул

И 50 Ак калпак кийсек жарашат:
- Б.: 2007 - 56 б.
ISBN 978-9967-24-331-6

Калк арасында акын жана обончу катары белгилүү болуп калган Токтогул Имаш уулунун бул биринчи жолу балдар үчүн жарык көрүп жаткан "Ак калпак кийсек жарашат"- деген ырлар жыйнагы жалпы билим берүүчү мектептерде өтүлө турган музыка сабагында колдонууга ылайыкталган. Мекен, эмгек, ыйман, достук жөнүндөгү обондуу ырлары жана хорлору.

И 4905000000-07

УДК 78
ББК 85.313 (2Ки)

ISBN 978-9967-24-331-6

© Токтогул Имаш уулу, 2007

# Токтогул Имаш уулу



Жалпы билим берүүчү мектептерде өтүлүүчү ыр (хор) сабагы, балдарга музыкалык эстетикалык тарбия берүүдө чоң роль ойнойт. Себеби балдардын биригип хордо ырдашы, угуп жаткан адамдарга жагымдуу угулушу, ал балдардын чыгармачылык менен бирдикте аткаруунун негизинде болгондугуна күбө болобуз. Хордо ырдоо окуучулардын биримдикте болушуна тарбиялай турган сабак. Ошондой эле окуучулардын угуу сезимдерин, дикциясын, үнүн өстүрүүчү, бирдей дем алуу жана демди чыгаруу ыкмаларын үйрөнүшөт.

Акыркы эгемендүү болдук деген жылдары, жалпы билим берүүчү мектептер үчүн жазылган хорлор, ырлар жокко эсе. Эгер жазылган болсо анын ноталарын жыйнак кылып бастырып, мектептерге таратуу эч кимдин оюна келбей калды. Себеби ал каражатка байланыштуу. Ушундай кемчиликтерди эске алып Токтогул Имаш уулу "Ак калпак кийсек жарашат" деген жыйнагында, башталгыч

класстардан тартып, мектепти бүтүп жаткан окуучулар ырдай турган обондуу ырлары киргизилген.

Тематикасы жана тарбиялык мааниси боюнча, окуучулардын аң сезимин өстүрө турган, Мекенди сүйүү, тынчтык, достук жөнүндө жана ата-эненин тарбия берүүдө зор эмгектерин даңазалаган, ырдаганга жеңил элпек ырлар. Майрам күндөрүндө ырдай турган ырлары, ачык, шаңдуу мажордук ладда жазылган. Темптери ылдам, ылдамыраак жана вальс темпинде. Өлчөмдөрү көпчүлүгү 2/4 жазылган. Мындай өлчөмдөгү ырларын бийлеп жана башка кыймыл аракеттер менен коштоп ырдоого болот.

Токтогул Имаш уулу беш ырлар жана поэмалар жыйнагынын автору.

Кыргыз Республикасынын улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү. Композиция боюнча жүздөн ашык обондордун автору. Сөзү жана обондору өзүнүкү. Ал эми балдар үчүн жазылган отуз сегиз обондуу ырлары жана хорлору музыкага даярдыгы жок окуучулар деле тез үйрөнүп ырдай турган чыгармалар. Себеби обондуулугунда жана балдардын үндөрүнө ылайыктуу жазылганында.

Токтогулдун бул жыйнагы жалпы билим берүүчү мектептердеги ыр, хор сабагына жетишпей жаткан кемтигибизди, аз да болсо толуктай турган эмгек деп ойлоймун.

Ишембай Рыспаев, музыка изилдөөчү, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Мукаш Абдраев атындагы сыйлыктын ээси, Кыргыз Республикасынын композиторлор Союзунун мүчөсү.

# АК КАЛПАК КИЙСЕК ЖАРАШАТ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Татынакай ай ак калпак,
Таңдын нуру ай себилген.
Күч жаратып жүрөккө,
Күндүн нуру ай төгүлгөн.
Ата, бабам ай, баркталган,
Ардактаймын, ардактаймын сени мен.

Асылданып ай көрктөнүп,
Аппак ай болуп түрлөнүп.
Кылымдардан кыргызга,
Кийген кезде ай сүр берип.
Аалам эли жактырган,
Ак тилектен бир көрүп.

# МЕНИН ДОСУМ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Чегирткени тиштеп келсе,
Балапандар оозун ачат.
Келгенинче кайта энеси,
Уясында уктап жатат,
Ля,ля,ля,ля,ля,ля,ля,ля.
Уясында уктап жатат.

Мен аларга жем берерде,
Ойгонушат чыйпылдашып.
Атакеси шашып келет,
Алыс жактан тамак ташып.
Ля,ля,ля,ля,ля,ля,ля,ля.
Алыс жактан тамак ташып.

Убагында суу беремин,
Уялары жылуу кенен.
Атты койдум мен бирине,
Ак тилектен “Достук” деген.
Ля,ля,ля,ля,ля,ля,ля,ля.
Ак тилектен “Достук” деген.

# БИЗДИН КЛАСС АЛДЫДА

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

Ылдам




Көнгөн адат убагым,
Таңда эрте турамын.
Агайымдын айтканын,
Абдан жакшы угамын.

Үйгө берген иштерди,
Аткарамын калтырбай.
Суроосуна эжейдин,
Жооп берем тартынбай.

Калышпаймын Канаттан,
Сабактан күч сынашкан.
Отличник бешөөбүз,
Баарыбыз бир класстан.

Линейкада макталып,
Чыгабыз дайым алдыга.
Бүткүл мектеп боюнча,
Биздин класс алдыда.

# УЛАГЫМ

**(Эки бала аткарат)**

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Татынакай улагым,
Ташка тийип туягың.
Секиргенде эмнеге,
Серең этет кулагың?

Ала-Тоонун булагын,
Мен ичсем деп турамын.
Таштан ташка секирсем,
Типтик турат кулагым.

Кетип, тынчым чыдамым,
Кырдан кырга чыгамын.
Кашкулакты көргөндө,
Кошо турат кулагым.

Козу ээрчитип, сен коштоп,
Козу калат көп токтоп.
Бирге эмнеге жүрбөйсүң?
Бир туугандай бирге оттоп.

Козу менен басканда,
Бир топ кырды ашканда.
Токтоп калат жүрө албай,
Кынык алып жатканга.

Анан кетет чыдамым,
Аскага тез чыгамын.
Айланамды карасам,
Анда да турат кулагым.

Жакшынакай улагым,
Жарды тилет туягың.
Серeңдесең мейличи,
Сенсиң досум, ынагым.

# КАШКА ТАЙ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Аппак нурга чайынып,
Жалкуйругу жайылып.
Бээлер саан болгондо,
Барам айдап кайырып.

Жакшынакай тилегим,
Жайлоо сырын билемин.
Тоюндуруп суу берип,
Тору тайды минемин.

Балдар мени карашат,
"Минсек" -дешип самашат.
Жагалданып чуркаса,
Жайлоо көркү жарашат.

Алыс кетпей жанымда,
Ар убакта табында.
Калбайм эч бир жарыштан,
Кашка тайым барында.

# БЕЛЕК АЛДЫК

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Так аткардык агай сөзүн,
Кетпесе деп каталык.
Көргөндөрдү кубандырып,
Көрктүү елка жасадык.

Сагындырган аяз ата,
Салам берди шашылып.
Елканы тегеренип,
Бийлегенге чакырып.

Жомок угуп укмуш кызык,
Ата сөзүн тыңшадык.
Бирге басып, кол кармашып,
Куунак көңүл ырдадык.

Карай бердик улам кайра,
Кооз кызыл чапанын.
Баарыбыз тең белек алдык,
Колунан аяз атанын.

# ЭНЕ ТИЛИМ

**(Эки бала аткарат)**

**Сөзү Сайнидин Ишеновдуку, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

Ылдамыраак




Эне тилде улуу Манас сүйлөгөн,
Акыл айткан Бакай эне тил менен.
Алмамбет да чоро болуп Манаска,
Кыргыз тилин өз тилиндей үйрөнгөн.

Эне тилим байлыгыбыз уюткан,
Адашканда жолду ачкан туюктан.
Эне тилди кастарласак, өстүрсөк,
Биримдик чоң күчүбүзгө уюшкан.

Апаладык эмчек ээмп жатканда,
Түшүнбөдүк чаңайсың деп айтканда.
Эне тилим өз энемдей эң кымбат,
Жаралыптыр эмчек сүтүн татканда.

# КЕЛ, ЖАҢЫ ЖЫЛ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Айлана акка бөлөнүп,
Ак тилек бөбөк төрөлүп.
Өөрчүтүп акыл сезимди,
Өмүрдүн нуру себилип.

Кайырма:
Куунак күндөр башталып,
Калк үмүтү акталып.
Кел жаңы жыл, жаңы жыл,
Кубанычта шаттанып.
Кел жаңы жыл, кел жаңы жыл,
Кылымдарга даңкталып.

## ҮЙРӨНҮПТҮР

**Сөзү Байтемир Асаналиевдики, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Чака толо таштарды,
Төкчү жерге алпарды.
Анын баарын өзү эле,
Айттырбастан аткарды.

Ал чынында азамат,
Бекер туруу ага жат.
Үйрөнүптүр көнүптүр,
Үйүн күндө тазалап.

# АТАКЕМ ҮМҮТ ТИЛЕГИМ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Бойдо кубат кайратыңдан жанбадың,
Болгон күчүң балдарыңа арнадың.
Мезгилдердин сыноосуна туш келип,
Мээриң төгүп балдарыңа ар дайым.

Кайырма Ээ-ээй атаке ай, атаке ай
Кыйналсаң да балдарым деп
Балдарым деп талбадың.

Кашыбызда караан болуп турганың,
Кубат берген кубанычым жыргалым.
Өмүрдөгү күндөр өтүп ар кандай,
Өзүң менен бирге айтылып сырларым.

Кайырма Ээ-ээй атаке ай, атаке ай
Өзүң менен, өзүң менен өмүрдөгү жыргалым.

Артыкча бир кубат алам өзүңдөн,
Акыл угам ар бир айткан сөзүңдөн.
Жүрсө экен, -деп аман-эсен кулунум,
Жүрбөдүңбү ымыркайда кезимден
Кайырма: Ээ-ээй атаке ай, атаке ай
Айткандарың, айткандарың чыкпайт дайым эсимден.

Өмүрүмдүн нуру болуп себилдиң,
Өзүң менен ачык дайым көңүлүм
Жаратkандан сураганым бир гана
Жашоо берсин, өмүр берсин теңирим
Кайырма: Ээ-ээй атаке ай, атаке ай
Тилегеним өмүр берсин теңирим.

## АПАМ МЕНИН ИШТЕМЧИЛ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

Көңүлдүү




Машинанын тетигин,
Жакшы билет баарынан.
Сонун тигип кийимди,
Өлкөмө да таанылган.

Атам дагы иштемчил,
Алдыңкынын биринен.
Доскага анын сүрөтү,
Ардакталып илинген.

# КАЧАН КАЛАТ ТАЛАШЫ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Билбегенсип Суранбай,
Эзсиздикпи, бу кандай?
Тайлактын болот мүйүзү,
Эсиңе туткун чыгарбай.

Эчки кандай болот-деп,
Сурады дагы Кубанбай.
Эчкини киши минет,-дейт,
Эң билгичтей уялбай.

Козу менен улактын,
Айырмасын сезбеди.
Козу келсе жанына,
Коркуп качып четтеди.

Кулунду көрсө музоо, -дейт,
Билгичтигин карачы?
Койду киши минет, -деп,
Качан калат талашы?

## КАНИКУЛ КЕЛДИ БИЗ КҮТКӨН

**Сөзү Сайнидин Ишеновдуку, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Каникул келди биз күткөн,
Жүргүлө тоого чыгалы.
Жайлоонун жыпар жытында,
Жылкы айдап жардам кылалы.

Окуйлук китеп кызыктуу,
Кеңисин ички дүйнөбүз.
Каникул бүтүп калгыча,
Көп китеп сырын билелик.

# АЧЫК КӨҢҮЛ БАЛДАРБЫЗ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Агай, эже айткандарын, ар дайым,
Ар убакта так аткарып келебиз.
Билим менен көптү билип үйрөнүп,
Бирдик күчтө тоскоолдорду жеңебиз.

Кайырма:
Ала-Тоонун балдарыбыз,
Ачык көңүл жайдарыбыз.
Өнөр билим талбай алып,
Өлкөбүз өсүп шаңданабыз.

Билиш үчүн көп окуйбуз талыкпай,
Бийиктикке канат күүлөп дем менен.
Каныктырып билим менен акылга,
Камкордукту дайым көрөт кең мекен!

Кайырма:
Ала-Тоонун балдарыбыз,
Ачык көңүл жайдарыбыз.
Өнөр билим талбай алып,
Өлкөбүз өсүп шаңданабыз.

# ДОСТУГУБУЗ ШИРЕЛЕТ

**(Балдар күнүнө арналат)**

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Бир туугандай достук кулач жайган күн,
Бүт дүйнөлүк балдар күнү майрам күн.
Толкундатып, жүрөктөрдү эргитип,
Толкуп куунак, тоо жаңыртат биздин үн.

Бир башкача шаңга батып туш тарап,
Бардык жакта ыр-күү агып шаттанат.
Бейкут күндүн кучагына бөлөнүп,
Балдар күнү, бүгүн майрам салтанат.

Айлана бүт көрккө батып түрлөнүп,
Аппак булут көктөн сүзөт үлбүрөп.
Достук менен бүт дүйнөнүн балдары,
Бир туугандык сезимдерин билдирет.

Билиш үчүн көп нерсени талыкпай,
Билим менен акыл күүлөп дегдеген.
Келечек бүт балдардыкы,- деп айтып,
Камкордукту көрүп турат кең мекен.

# ДОСТУККА КОЛДУ СУНАМЫН

Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.




Бүт мектепке өрнөк деп,
Агайыбыз кубанган.
Анткени биздин класста,
Достугубуз чыңалган.

Кайырма:
Достуктун күчү теңдешсиз,
Ак сүтүндөй эненин.
Күнүгө достук кат алып,
Кубанып үйгө келемин.

Достуктан бүткөн тилегим,
Достуктан бүткөн жүрөгүм.
Жер шары менен дос болгон.
Жеңилбес Мекен, -түнөгүм.

# ЭСТЕН КЕТПЕЙТ ЭҢ АКЫРКЫ КОҢГУРОО

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Алиппени алгач таанып өзүңдөн,
Ак тилекте кубат алып сөзүңдөн.
Билим менен ар өнөргө шыктантып,
Билим үйү бизге кымбат сезилген.

Кайырма:
Агайлар ай, эжелер,
Мээримиңер төгүлгөн.
Эстен кетпейт эч качан,
Айтканыңар көңүлдөн.

Талыкпастан эмгек жолун уладың,
Толгон азап, кыйындыкка чыдадың.
Боорукердик, аракетте түйшүктө,
Билим менен окуучуңду сугардың.

Кайырма:
Агайлар ай, эжелер,
Мээриминңер төгүлгөн.
Эстен кетпейт эч качан,
Айтканыңар көңүлдөн.

Эч токтобой секунд, мүнөт агылып,
Эң акыркы коңгуроообуз кагылып.
Он бир жыл бирге жүргөн күндөрдү
Жүрөбүз го куса болуп сагынып.

Кайырма:
Агайлар ай, эжелер,
Мээриминңер төгүлгөн.
Эстен кетпейт эч качан,
Айтканыңар көңүлдөн.

# ЭНЕМДЕЙ КАЛАМ САГЫНЫП
## (Мектебиме)

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

**Көңүлдүү**




Жайдары шаттыкта илебиң,
Жакшы окуп, көп билүү тилегим.
Атамдай алпештеп дем берген,
Артыкча сыймыксың билемин.

Кайырма: Ак тилек акылды угабыз,
Ак дилден гүлдесте сунабыз
Өнөргө, билимге ширеткен,
Өзүңдө эркелеп турабыз.

Кайырма:
Мээримиң төгүлүп, агылып,
Мезгилдин күүсүнөн жаңырып.
Караанның көрбөсөм мектебим,
Каламын энемдей сагынып.

## БИЗДИН БАКЧА ЭҢ СОНУН

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

Ылдам




Сөздү өстүрүп сүйлөтөт,
Сүрөт тартканды үйрөтөт.
Айнур, Токон, Динара,
Абдан жакшы бийлешет.

Ар күн жанда эжебиз,
Айтканына көнөбүз.
Белек алып эжейге,
Бакчабызга келебиз.
Ля, ля, ля, ля, ля, ля,
Ля, ля, ля, ля, ля,
Бакчабызга келебиз.

# НУРГА ТОЛГОН БИШКЕГИМ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

Орточо жай




Таң нурунан боек кошуп түзүңө,
Таң тамаша сайран толуп өзүңө.
Ала-Тоонун жүрөгүнөн бүткөнсүп,
Артыкча дем, күч кошосун өзүмө.

"Эркиндик" -деп сыймык атты жамынып,
Эргийт жүрөк турмуш башка жаңырып.
Ишеничти бүт боюңа топтодуң,
Издегендин баары сенден табылып.

Кайырма:
Көрк кошуп түркүн нурларың,
Жыпарың чачып гүлзарың.
Күлкү шаң толгон бульварың,
Сүйүү, нур толгон бульварың,
бульварың, бульварың.
Гүлзарың ай гүлзарың.
Бишкегим ах-ай, Бишкегим ах-ай,
Бишкегим ай, Бишкегим.

Саймаланып нурга толуп илебиң,
Сүйүү толгон, жаштык толгон гүл өңүң.
Ынтымакта достук күчү ширелип,
Ыр күлкүдө толкуп эргийт жүрөгүм.

Тарыхта да, даңктуу баскан издериң,
Тоо гүлүнөн түрлөп боек издедим.
Аалам эли кучак жайып кол берген,
Ак тилекте атагы арткан Бишкегим.

Кайырма:
Көрк кошуп түркүн нурларың,
Жыпарың чачып гүлзарың.
Күлкү шаң толгон бульварың,
Сүйүү, нур толгон бульварың,
бульварың, бульварың.
Гүлзарың ай гүлзарың.
Бишкегим ах-ай, Бишкегим ах-ай,
Бишкегим ай, Бишкегим.
Достук нур толгон Бишкегим.

# МУГАЛИМДЕР ЭЛИМДИН АРДАГЫ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**



Кайырма:
Агайлар ай, эжелер ай,
Алга үндөп эркелетип.
Аянбастан акыл кошуп,
Күчүн берген.

Мээримиңерден толгон бир жүрөк жылынган,
Ар бир сөзүңөр сезимдерге уюган.
Көркөм дүйнөң билгениңдин бардыгын,
Окуучуңа гүлдестедей сунулган.
Сыймыкта айтам дүйнөнүн эли уккула,
Мугалимдер бүткөн акыл, билим нурунан.

Кайырма:
Агайлар ай, эжелер ай,
Алга үндөп эркелетип.
Аянбастан акыл кошуп,
Күчүн берген.

# ЖАҢЫ САБАК ӨТТҮ ЭЖЕЙ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Баарыбызга көңүл буруп,
Биз айткандын баарын угуп.
Жаңы сабак өттү эжей,
Жай түшүнтүп басып-туруп.

Кайырма:

Шаңга толуп, гүл жамынып,
Коңгуроону эжей кагып.
Жаңы сабак өттү эжей,
Парта, доска бүт жаңырып.

Эмгек менен мактанабыз,
Эмгек менен такшалабыз.
Тапшырманы үйгө берген,
Так аткарып шаттанабыз.

Кайырма:

# ЭМИЛДЕ БАР ЖАКШЫ АДАТ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Ку-ку кулап кыйкырып,
Башкалардан озунуп.
Эжекемдин боз короз,
Ал да сага кошулуп.

Бирок сага таарынбайм,
Сен турасың сак карап.
Эрте туруп өзүңдөй,
Эмилде бар жакшы адат.

# АЛА ТООНУН БАЛДАРЫБЫЗ

**Сөзү Байтемир Асаналиевдики, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Булгап суусун, ачып кумун,
Учурбайлы жердин кутун!
Баатыр Манас урпагыбыз,
Бастырбайлы жаттын бутун.

Ала-Тоонун балдарыбыз,
Ата-эненин ардагыбыз
Тоо койнунда күнөздүү
Күлүп ырдап шанданабыз!

# МЕНИН ЖЕГИМ КЕЛГЕНДЕ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Кандай жооп берет деп
Карап турдук шашылбай
Билгендерин ал айтты
Бизге минтип жашырбай.

Чойбектин балдары,
Чогуу алма тергенде.
Атам коон үзөт,- дейт
Менин жегим келгенде.

# ДОСТУК ШАҢЫ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Тамшантып көргөн жанды көрктүү жерим,
Тарыхта даңкка толгон кыргыз элим.
Ааламдын көп элине колун берип,
Ардакта урматталат өлкөм менин.
Көп элине колун берип,
Ардакта урматталат өлкөм менин.

Алдыга улуу максат ишин койгон,
Адашпай эми басат туура жолдон.
Байлыгы эркиндиги бүт колунда,
Кадыры баркы арткан өлкө болгон.
Эркиндиги бүт колунда,
Кадыры баркы арткан өлкө болгон.

Жерде да, космосто да, адам изи,
Женишке шыктандырган бирдик күчү.
Тынчтыкта акылы артып, күчү ташып,
Достукта шанданышат дүйнө жүзү.
Акылы артып күчү ташып,
Достукта шанданышат дүйнө жүзү.

## СУРАЙЛЫЧЫ КУБАНДАН?

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

Орточо ылдамдыкта




Эки алганын айтпастан,
Энесинен жашырат.
Жатарында кийими,
Туш-туш жакка чачылат.

Үйгө берген тапшырма,
Унутулат каралбай.
Күндө Кукең ыйлактайт,
Китеп кабын табалбай.

Мындай жаман жоругу.
Уланганы- уланган.
Качан коет мунусун,
Сурайлычы Кубандан?

# КЫРГЫЗ ТООСУ КЕРЕМЕТ

**Сөзү, обону; Токтогул Имаш уулунуку.**




Кубаныч толгон эрте кеч,
Кучагындамын эркелеп.
“Ата-Журтуңду сүйгүн - деп,
Алпечтейт дайым бөпөлөп.”

Ааламга жүзүн көргөзгөн,
Арча кайың баары өскөн.
Күндө түрлөп жаңырып,
Гүл жыттанып нур төккөн.

Тоолуктун күчүн таптаган,
Тарыхтын сырын сактаган.
Бабабыз Манас барктаган,
Баласы менмин мактанам.

Урматтап дүйнө даңктаган,
Уулу көп тоосун мактаган.
Кылымдын эли даңктаган,
Кызы көп тоосун мактаган.
Кызымын тоонун мактанам.

# КАРАЛДЫМ АЙ, КАРАЛДЫМ!

**Сөзү Мар Алиевдики, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Өрүктөгү данегим,
Өзөктөгү сардегим.
Өзөндөгү дайрадай,
Өзүмдөгү паанегим.
Каралдым ай, каралдым
Кай батадан жаралдың?!

Татынасы баланын,
Тартуусу сен Алланын.
Кереметим турганда,
Кереги не санаанын?!
Каралдым ай, каралдым
Кай тилектен жаралдың?!

# КЫРГЫЗДЫН ЖҮЗҮ АК КАЛПАК

**Сөзү Байтемир Асаналиевдики, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

Орточо жай




Ак калпак кыргыз белгиси,
Ак калпак киет эр киши.
Алыстан көзгө элестейт,
Ал окшоп тоонун мөңгүсү.

Кайырма: Кийебиз сыймыкта, ардактап, ардактап,
Кыргыздын жүзүсүң ак калпак, ак калпак.
Кыргыздын жүзүсүң ак калпак, ак калпак.
Ак калпак ай, ак калпак.

Кастарлап калкым сактаган,
Касына аны сатпаган.
Кыргызга кымбат табирик,
Кылымдан кылым аттаган.

Кайырма:

Эркиндик элге тийгени,
Арбыды калпак кийгени.
Ак калпак жагып көп элге,
Аралай берсин дүйнөнү.

Кайырма: Кийебиз сыймыкта, ардактап, ардактап,
Кыргыздын жүзүсүн ак калпак, ак калпак.
Кыргыздын жүзүсүн ак калпак, ак калпак.
Ак калпак ай, ак калпак.

# АТА ЖЫТТУУ МЕНИН УЧКУНУМ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

Ылдамыраак



Жайкалып түркүн гүл шыбак,
Жайылып оттойт козу улак.
Жыпарың чачып гүл зарың
Жүрөккө тарап күч кубат,
Кымындай кезден сырдашпыз,
сырдашпыз, күнүм
Кыз-Мазар, Көк Жар, э-эй, э-эй Ак-Булак.

Ала-Тоо көркү Нарындай,
Ааламдын күүсү шаңындай.
Карааның көрсөм кубанам,
Күч алып жүрөк жалындай.
Киндик кан тамган Учкунум, Учкунум
Канткенде жүрөм э-эй, э-эй сагынбай.

Ойлосом ойдун гүлү сен,
Обонум созсом үнүм сен.
Жашоомдун көркү дем болуп,
Жарыгым тийген күнүм сен.
Ак тилек ойлор ширелип, ширелип
Ата-Журт куттуу э-эй, э-эй менин үйүм сен.

Ааламга созсом үнүм сен,
Асманым тийген күнүм сен.
Көркөмүн айтып көп кылым,
Ата жыт куттуу Учкунум.
Көркөмүн айтып көп кылым,
Ата жыт куттуу э-эй, э-эй Учкунум.

# ЭНЕКЕМ МЕНИН ЫРЫСЫМ

**Сөзү Салия Жусубаалы кызыныкы, обону Токтогул Имаш уулунуку**




Кубат алам караан тутуп өзүңдөн,
Мээрим табам сен ирмеген көзүңдөн.
Дөөлөт менен сөөлөт күткөн энекем, энекем,
Мени алкап бата берген сөзүңдөн, ай сөзүңдөн.

Сенин сөзүң жөн сөз эмес энеке,
Мага дайым байлык ырыс береке.
Ар бир сөзүң көңүлүмдү көтөрөт, көтөрөт.
Тарбиялайт элге тийчү керекке, ай керекке.

Уйку көрбөй өткөргөнүң көп түнүң,
Эстен кетпейт эркелетип өстүрдүң.
Тарбиялап мага тандап берипсиң, берипсиң.
Өзүң сүйгөн таланттардын көп түрүн ай, көп түрүн.

# НООРУЗ ШАҢЫ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку**




Алыс жактан агылып,
Аалам нурун жамынып.
Шаңга бөлөп элимди,
Шаттык күүсү чалынып.
Достук күүсү э-эй кагылып,
Кайырма: Дүйнө башка а-ай жаңырып.

Алоолонуп танбайсың,
Акыйкаттан жанбайсың.
Байлык чачып жергеме,
Бар күчүңдү арнайсың.
Жаш карыны э-эй кубантып,
Кайырма: Жазгы сүйкүм а-ай таңдайсың.

Кылым жолун беттейбиз,
Кыйналганды сезбейбиз.
Аалам эли кол берип,
Алга кайра көздөйбүз,
Акыл билим э-эй ширетип.
Ата-журтту а-ай көрктөйбүз,
Кайырма: Өзүң берген а-ай дем менен.

# ЖҮРҮШТӨРГӨ КӨНӨБҮЗ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Айланага бүт шаң толуп,
Арамат жыттар төгүлгөн.
Жүрүштөргө көнөбүз,
Жүрөктөр ай эргип берилген.

Коллекциялар, гербарий,
Көп түзөбүз биз шаттанып.
Алар дайым мектепте,
Ар убак ай турат сакталып.

Таза абада бой сергип,
Таң нуру аалам нур менен.
Токтобой биз жүрөбүз,
Тоо жаңыртып ыр менен.

# НООРУЗ МАЙРАМ - ЖАҢЫ ЖЫЛ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**



Адам болбойт ушул күнү түнөргөн,
Ак тилектер таттуу үмүттөр ширелген.
Душмандар да , душмандыгын унутуп,
Достук менен чын жүрөктөн кол берип.
Достук менен чын жүрөктөн кол берип.

Кайырма:

Жаз айына нурдуу болуп туш келген,
Жаштык берген, сүйүү берген, көрк берген.
Муундардан , муундарга уланып,
Мусулмандар зор майрамы дем берген.
Мусулмандар зор майрамы дем берген.

Кайырма:

Аты улуу ушул күн чын акылман,
Аалам элин акыйкатка чакырган.
Бардык жакта сайран шаттык тамаша,
Бейкут күндүн берекеси айтылган.
Бейкут күндүн берекеси айтылган.

Кайырма:

Жаңырсын бүгүн шаңдуу ыр, шаңдуу ыр.
Жалпыга чачып бакыт нур, бакыт нур.
Келди ал элди кубантып, кубантып,
Нооруз майрам жаңы жыл, жаңы жыл.

Келди күлүп жадырап, жадырап.
Нооруз чачып тынчтык нур, тынчтык нур.
Келди күлүп жадырап, жадырап,
Нооруз чачып тынчтык нур, тынчтык нур.

# АТТЕСТАТ ВАЛЬСЫ

**Сөзү Бердигул Курманкуловдуку, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

Вальс темпинде




Аттестат эми колумда,
Албан иш күтөт жолумда.
Алдейлеп баккан мекендин,
Алайын жүгүн моюнга.
Ля, ля, ля, ля, ля,
Ля, ля, ля, ля, ля.
Алайын жүгүн моюнга.

Эмчегин эмген жадабай,
Энеге үйүр баладай.
Мектебим сенден кеталбай
Мен турам кейип аябай.
Ля, ля, ля, ля, ля,
Ля, ля, ля, ля, ля.
Мен турам кейип аябай.

# ОЙ ТОБО

**( Элдик ырдын негизинде )**

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**

Ылдам




Ой тобомду ободо,
Обон салам ой тобо.
Кумурскага жүк жүктөп,
Тойго барам ой тобо.
Көрбөйсүңбү, Бакендин,
Эпчилдигин ой тобо, ой тобо.

Чоң атамдын айтканын,
Угуп алам ой тобо.
Бадыраңдан бат эле,
Жулуп алам ой тобо.
Көрбөйсүңбү, Бакендин,
Күчтүүлүгүн ой тобо, ой тобо.

Бош байланган түйүндү
Жандырамын ой тобо.
Таранчыга кыргыйды,
Алдырамын ой тобо.
Көрбөйсүңбү, Бакеңдин.
Мүнүшкерин ой тобо, ой тобо.

Куркулайдын уясын,
Бузуп кетем ой тобо.
Жел болгондо камгактай,
Учуп кетем ой тобо.
Көрбөйсүнбү, Бакеңдин,
Салмактуусун ой тобо, ой тобо.

Жайкы ысыкта чыйрыгып,
Үшүп калам ой тобо.
Миңген атым басканда,
Түшүп калам ой тобо.
Көрбөйсүнбү, Бакеңдин
Чыйрактыгын ой тобо, ой тобо.

Бешке бешти кошкондо,
Беш болоорун билемин.
Бештен бешти алганда,
Канча калат билбеймин.
Көрбөйсүнбү, Бакеңдин,
Эсепчисин ой тобо, ой тобо.

Ой тобо, -деген ырымды,
Койдой багам ой тобо.
Төрт беш кило конфетке
Тойбой калам ой тобо.
Көрбөйсүнбү, Бакеңдин
Насиптүүсүн ой тобо, ой тобо.

Оюнчукту үйдөгү
Бузуп алам ой тобо.
Ойногондо бөбөгүмдү
Утуп алам ой тобо
Көрбөйсүнбү, Бакеңдин
Оюнчусун ой тобо, ой тобо.

Эжей сабак сураса,
Жооп бербей турамын.
Ушул кезде шыбырды,
Укмуш жакшы угамын.
Көрбөйсүнбү, Бакеңдин,
Уккучтугун ой тобо, ой тобо.

Энем койгон токочту
Илип алам ой тобо.
Курсагымдын ачканын,
Билип алам ой тобо.
Көрбөйсүнбү, Бакеңдин
Билгичтигин ой тобо, ой тобо.

Ой тобо, -деген ырымды,
Ырдай берем ой тобо.
Ойдогумду аткарып,
Жыргай берем ой тобо.
Ойдогумду аткарып,
Жыргай берем ой тобо,
Ой тобо, ой тобо.

# ЫЙМАНЫҢДА КАСИЕТ

**Сөзү, обону Токтогул Имаш уулунуку.**




Ачуу таттуу турмуш менен күрөшкөн,
Ар адамдын каны менен бир бүткөн.
Ыйманыңда, улуулук да сулуулук,
Ыйманыңдан жүрөгүңө гүл өскөн.

Кайырма:
Ыйманыңа улуу иш,
Ыйманыңда улуу күч.
Ыйманыңа ширелген,
Адамдыкта касиетиң баары бүт.

Акылыңдан күч жаратып турганың,
Ардакталган, асылдыгың ыйманың.
Ыйманыңдан ажырасаң адамдык,
Ырыс, бакыт баарынан кол жууганың.

Кайырма:
Ыйманыңа улуу иш,
Ыйманыңда улуу күч.
Ыйманыңа ширелген,
Адамдыкта касиетиң баары бүт.

Кайырма:
Тазалыктын атасы,
Чын дилиңдин тазасы
Ай, адамдар, ыйман менен жашачы!

## Мазмуну


1 Ак калпак кийсек жарашат ....................5
2 Менин досум ....................6
3 Биздин класс алдыда ....................7
4 Улагым ....................8
5 Кашка тай ....................10
6 Белек алдык ....................11
7 Эне тилим ....................12
8 Кел, жаңы жыл ....................13
9 Үйрөнүптүр ....................14
10 Атакем үмүт тилегим ....................15
11 Апам менин иштемчил ....................16
12 Качан калат талашы ....................17
13 Каникул келди биз күткөн ....................18
14 Ачык көңүл балдарбыз ....................19
15 Достугубуз ширелет ....................21
16 Достукка колду сунамын ....................22
17 Эстен кетпейт эң акыркы коңгуроо ....................23
18 Энемдей калам сагынып ....................25
19 Биздин бакча эң сонун ....................26
20 Нурга толгон Бишкегим ....................27
21 Мугалимдер элимдин ардагы ....................29
22 Жаңы сабак өттү эжей ....................31
23 Эмилде бар жакшы адат ....................32
24 Ала-Тоонун балдарыбыз ....................33
25 Менин жегим келгенде ....................34
26 Достук шаңы ....................35
27 Сурайлычы Кубандан? ....................36
28 Кыргыз тоосу керемет ....................37
29 Каралдым ай , каралдым ....................38
30 Кыргыздын жүзү ак калпак ....................39
31 Ата жыттуу менин Учкунум ....................41
32 Энекем менин ырысым .................... 43
33 Нооруз шаңы ....................44
34 Жүрүштөргө көнөбүз ....................45
35 Нооруз майрам жаңы жыл ....................46
36 Аттестат вальсы ....................48
37 Ой тобо ....................49
38 Ыйманыңда касиет ....................52

**Токтогул Имаш уулу**

# АК КАЛПАК КИЙСЕК ЖАРАШАТ

Редактор: Рыспаев Ишембай.

Компьютердик калыпка салгандар:
Сыдыгалиев Азат
Сагынбек уулу Адилет

Форматы 60x84 1/16. Көлөмү 3,0 б.т.
Нускасы 1000 даана.
«ЗЭЭН» басмасы, Бишкек шаары,
Турусбеков көчөсү, 86.

[illegible]